# САБАКТЫН ЖАНЫ-АКТИВДҮҮ ОКУУЧУ, КЫЙМЫЛДАТКЫЧ КҮЧҮ-МУГАЛИМ

**ЗАЙЫРКУЛОВА РИМА**
*окутуучу, Ж.Баласагын атындагы КУУ*

Сабакка болгон окуучулардын солгун мамилеси, мугалимдердин кош көңүл сабак берүүсү бүгүнкү күндүн олуттуу проблемаларынан экени эч кимге жаңылык эмес. Ал эми интерактивдүү сабак, жаңычыл көз караш, инновациялап өтүү керек деп ар тараптан жиреп салттуу сабактар эч кандай окуучунун сабакка кызыктыра албай калды деген көз караштар бекемделе баштады. Бирок ошол интерактивдүү деп автоматтык түрдө көчүрүлүп жаткан жаңы сабактар буга чейин жигердүү изденген мугалимдер тарабынан өтүлүп келген. Ошол эле сабак-конференция, сабак-экскурсия, сабак-квн, сабак-мелдештер чыгармачыл мугалимдердин сабактарында маал-маалы менен өтүлүп турган. Бирок массалык түрдө жайылтылган эмес. Бул сабактар көпчүлүк учурда ачык сабак катары, окуучулардын билимин текшерүүдө, мугалимдин сабакка болгон даярдыгын баалоодо колдонулган. Мындай сабактар көп убакытты талап кылып, алдын ала даярдык менен өтүлүшү керек. 45 минуталык сабакты өтүү үчүн 1 жума же андан ашык убакыт талап кылынат. Мындай сабактар чейрек чыгарардын алдында же болбосо окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу солгундай баштаган кезде, пассивдүү окуучуларды,кызыктыруу сөз байлыгын өстүрүү максатында, класстагы окуучулардын өз ара биргелешип иштөөгө үйрөтүүгө, Ата Мекендин ыйыктыгын, жаратылыштын кооздугун сезе билүүсүн ойготуу ж.б. максаттарда бир чейректе 2-3 жолу өткөзүү ылайыктуу.

«Салттуу» деп, азыр анча актуалдуу болбой калган сабактардын артыкчылыгы-окуучуларды өтүлө турган материалды кошумча убакытты талап кылбай өздөштүрүүсүнө багытталгандыгында. Салттуу сабак:

-Класстагы бардык окуучулардын сабакка көңүл бурдура алышы;

-Өтүлгөн материал боюнча кайталоону жүргүзүшү;

-45 минутада сабак процессин толук кандуу баштан аяк башкара алышы;

-Пассивдүү окуучуларды байкап, алар менен иш алып барышы;

-Конкреттүү теманын үстүндө гана сөз болушу менен айырмаланат.

Мына ушул артыкчылыктар сабак процессинде сакталса сабак өз максатына жетип, окуучулардын өтүлгөн материал боюнча билим, билгичтик, көндүмдөрүн жогорулатууга өбөлгө түзүлөт.

Сабактын жүрүшүндө бардык окуучулар сабакка активдүү катыша бербейт. Мунун субьективдүү да, обьективдүү да себептери бар. Пассивдүү окуучуну кантип сабакка болгон кызыгуусун арттырабыз?

Бул проблема индивидуалдуу, ошондой эле массалык түрдө каралуучу, чечилүүчү маселе.

1. Окуучу буга чейин башталгыч класстарда 1-4-класс аралыгында өздөштүрүүлүүчү программаны толук өздөштүрө алган эмес.
2. Мугалим окуучунун сабакка болгон кызыгуусун ойгото алган эмес.
3. Окуучунун жеке өзү мене иш алып барган эмес.
4. Мугалимдин сабагы тажатма, кызыксыз өтүлгөн. Ушул көйгөйлөрдү чечүүдө мугалимдин дикциясы, өзүн алып жүрүүсү, окуучуга жекече мамиле кылуусу, окуучунун аракетин талдай билиши, жеке жашоосундагы проблемаларын чечүүсүндө туура багытттарды бере алышы сабакты өздөштүрө албай жаткан окуучуга, эне тилине кош көңүл мамиле кылган окуучуну кайра кайрып келүүсүнө түрткү болот. Ошол эле учурда бардык проблема муну менен чечилип калбайт. Үй-мектеп-мугалим-окуучу ортосундагы толук кандуу мамиле болбосо, бул проблема чечилбейт. Жеке бир айрым окуучулардын өзгөчөлүү таланттуулугу окууга болгон дилгирлигин табиятынан берген таланты,

кызыкдарлыгы ата-эненинин, мугалимдин жардамын көп талап кылбастан сабак процессиндеги өтүлүп жаткан материалды өздөштүрүүсү класстын 3-4% процентин, айрым учурда андан да төмөн болушу мүмкүн. Бүгүнкү күндөгү ата-энелердин балдардын үйдөн сабакты бышыктоосуна берилген тапшырмаларын контролдобошу, ата-эне менен баланын ортосундагы сабак мамилесине келгенде ата-эненин кош көңүлдүгү, «мектеп окутат, мектеп милдеттүү» деген көз караштын бекемделиши да окуучунун сабакка болгон кызыгуусун солгундатып, акыры келип окуучунун жөн гана формалдуу мектепке келип-кетүүсү жаралууда. Окуучунун сабакка болгон кызыгуусун арттырууда берилген материалдын кыскалыгы, жөнөкөйлүгү, турмуш менен байланыштуулугу мугалимдин окуучулар менен пикир алышуусунда алардын жеке оюн уга билиши маанилүү. Окуучулардын өз оюн айта алуусуна өбөлгө түзсө, окуучунун сабакка болгон кызыгуусу ойгонот.

Кыргыз мектептерине 11-класста жалпы адабиятка 102 саат бөлүнгөн.Чыңгыз Айтматовдун өмүрүн, чыгармаларын окутууга 20 саат каралган. Анын ичинен «Жамийла» повести 11-класста 3 саат көлөмүндө кыргыз класстарда өтүлөт. Мына ушул теманы 11-класста өтүүдө дагы деле окуучулар эмес мугалимдер да салттуу болуп калган оң каарман жана терс каарман түшүнүгүндө карашат. Жамийла оң каарманбы же терс каарманбы деген адатка айланып калган суроолор менен чектелип калышат. «Жамийла» повестин өтүүдө кыргыз элинин байыртадан жашап келе жаткан элдик педагогикасына кайрылуу окуучулардын повесть боюнча туура же туура эмес пикир жаралышына, каармандай үй-бүлөсүн таштап, өз сезиминин аркасынан кетеби же үй-бүлө деген түшүнүктү карманып жашайбы деген түшүнүгүнүн калыптанышына мугалим түрткү берет. Мугалим бул процессте четте турушу абзел. Анткени чыгарма окулгандан кийин класста окуучуларда эки түрдүү көз караш пайда болот. Калыптанып келе жаткан окуучулардын психикасында сүйүү үчүн бардыгына даяр болуш керек деген көз караштı калыптандыруу туурабы же үй-бүлө кургандан кийин пайда болгон сүйүүнүн аркасынан кетүү туурабы деген суроо өзүнөн-өзү туулат. Мына ушул жерде ата-бабадан келе жаткан салтыбызды кийлигиштирүү туура болот дейм. Салтка таянсак, үй-бүлө кургандан кийин кайрадан кичинекей мамлекетти кыйратуу, кичинекей мамлекеттин мүчөлөрүн оор кайгыга салып, жаңы мамлекет куруп кетүү-бул оор, ары татаал маселелерден. Мугалим ушул маселени окуучулар менен бирдикте жеке өзүнүн позициясын ачык көрсөтпөй, сабакты жыйынтыктоого келгенде жашоонун ушул агымына туш келген күнүмдүк жашоолорунда көрүп жүргөн жакын адамдары жөнүндө же болбосо сыртынан билген адамдар жөнүндө дилбаян жаздыруусу ылайык болот. Өзүлөрү баамдап, сезим үчүн үй-бүлөсүн таштап кеткен адамдардын канча проценти туура кылган жана жашоосу кийин кандай кырдаалда өткөнүн билишет. Мына ошондон кийин окуучулардын жеке көз караштары пайда болушуна түрткү берет. Алар: же Жамийладай өз сүйүүсү үчүн бардыгына кайыл болуп, жеке кызыкчылыгын бардыгынан жогору коюп, кайрадан үй-бүлө куруу же болбосо түптөлүп калган үй-бүлөсүн таштабастан андан ары Садык менен чогуу түтүн булатуу.

Окуучуларда мындай суроолор туулат.

1. Сиз Жамийланын ордунда болсоңуз эмне кылат элеңиз?
2. Садык Жамийлага татыктуу эмес?
3. Жамийла туруксуз аял.
4. Кайын журтун оор абалга таштап кетти.
5. Үй-бүлөсүн сыйлабагандан кийин Данияр менен деле ал бактылуу болбойт.
6. Келечегинде алар бактылуу болобу?

7.Сүйүү бардыгын жеңет. Мындай суроолор берилгенден кийин суроону ачык таштап, Жамийланын образын ачууда Садыктын кыз куумайда жетпей калып ала качып келиши, Жамийланын кайын журтуна болгон мамилеси, Осмон менен болгон конфликт, Жамийла менен Даниярдын ортосундагы мамиленин өөрчүп өзүнүн апогейине жеткен учурун чыгармадан бөлүп алып, окуучуларга көркөм окутуу аркылуу алардын жекече көз караштарынын пайда болушуна багыт берүү керек.

«Жамийла» повестин 11-класска өтүүдө 3 саат бөлүнгөн убакытта сабактын биринчи бөлүгү Чыңгыз Айтматовдун өмүрү чыгармачылыгын тааныштыруу менен башталат. Дүйнөлүк аренага чыккан улуу жазуучу жөнүндө дагы деле билбеген чыгармаларын окубаган окуучулар четтен чыгат. Гүлсарат Танабайдын сүйгөнү деп дил баян жазган окуучулардын иштерине күбө болуп жүрөбүз. Сабакты уюштурууда Ч.Айтматовдун чыгармасына тартылган көркөм тасмадан 5 минуталык үзүндү көрсөтүү аркылуу башталса, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу артат. Үзүндүдөн окуучулардын сабакка болгон кызыгуу байкалгандан кийин автор жөнүндө анын чыгармачылыгы жөнүндө суроо-жооп аңгеме методу менен сабак уланат. Мугалим бул жерден окуучулар канчалык деңгээлде авторду билерин, алардын жоопторун анализдейт. «Жамийла» повести менен тааныштырууда мугалим чыгарманын аягындагы Сейиттин Жамийла менен коштошконун көркөм окуу аркылуу же болбосо алдын ала диктафонго жазылган үн менен уктуруу аркылуу кийинки сабакка окуучулардын чыгарманы таап окуусуна түрткү берет. Сабакты жыйынтыктоого келгенде окуучуларга чыгармадан үзүндү окуп келишине жана класстан көркөм окуусуна атайын тексттерди даярдап келишин талап кылса болот. Бул жерде көркөм окуу методу, суроо-жооп методу, аңгемелешүү методу ошондой эле аудио-видео тасманы да бир сабакта колдонуу аркылуу окуучуларга билимин, сөз байлыгын, дүйнө таанымын өстүрүп, окуучулар ортосундагы пикир алышууну жүргүзсө болот. Бирок бул жүргүзүлгөн методдорду ар бир сабак сайын колдонуу өзүнүн эффективдүүлүгүн жоготот.

Чыгармага бөлүнгөн экинчи саатты үйгө берилген тапшырма көркөм окуу үчүн атайын тексттерди көркөм окуу менен башталат. Бул жерде мугалимдин жогоруда айтылгандай дикциясы чоң көрсөтмөлүүлүк жана окуучуларга үлгү болгудай деңгээлде болушу абзел. Мугалим алдын ала даярдык менен дикторлордой үнүн кыраатты менен келтирип, үн кубултуп классты өзүнө тарта алгыдай деңгээлде чыгармадан үзүндү окуп бериши менен коштолот. Класстагы пассивдүү, сөз байлыгы жарды, уялчаак окуучуларга мугалим өзгөчө көңүл бурушу милдеттүү. Тилекке каршы көпчүлүк мугалимдер сабакта активдүү окуучулар менен иш алып барышып жогорудагы проблемалуу балдар өзүлөрү менен өзү болуп кала беришет. Мектепти бүткөндөн кийин деле өз эне тилинде эркин сүйлөй албаган балдар ошол мектеп партасында көркөм окуу методу менен иш алып барылбай болсо да сабакка дилгир мамиле кылгандар арасында гана жүргөндүн кесепети. Көркөм окуу методу окуучуну ачык, так сүйлөй билүүгө, окуп жатып мурда жолуктурбаган сөздөр менен лексиконун байытууга сүйлөө речин жакшыртуу эң алгылыктуу салттуу методдордун бири. Үйдөн даярдап келген тексттер менен иштелгенден кийин чыгарма жөнүндө окуучуларда кадыр эсе кеңири түшүнүк пайда болот. Каармандар тууралуу өз пикирлери пайда боло баштайт. Мугалимге даяр суроолору менен келиши да же сабак процессинде суроолору туула баштайт. Суроолорго алдын ала жооп бербестен, мугалим жазуу иштерин алып барышы керек. Өзүлөрүнүн көз караштарын билдирген айлана тегерегинде болуп жаткан ушуга окшош тагдырлар жөнүндө «Жамийланын тагдыры-менин тагдырым» - деген темада жаздырса, окуучулар четтен эмес өз баштарынан өтүп жаткандай мамиле кылышып, ошол учурдагы өзүлөрүнүн позициясын ачык көрсөтүшөт. Экинчи сабак дил баян менен жыйынтыкталып, окуучуларга үйгө тапшырма иретинде Ч.Айтматовдун чыгармалары канча мамлекетте окулганы канча ирет басылганын табууга жана дүйнөлүк географиялык картадан көрсөтүп берүү жана мугалим алдын ала даярдаган тексттер менен таанышып, өз көз караштарын кагаз жүзүндө жана оозеки даярдап келүүсүн милдеттендирүү керек.

Үчүнчү сабак дүйнөлүк карта доскага илинип, анда Ч.Айтматовдун чыгармалары канча, кайсы мамлекеттерде окулганы, канча ирет басылганы кайсы жерлерде болгондугу тууралуу маалыматтар менен башталышы керек. Мында сабак аралык байланыш география менен кетип жатат. Ошол эле учурда мекендеши менен сыймыктануу, эл-жерине кызмат кылуу, ал инсандай эл-жер кыдыруу, мекенин дүйнө жүзүнө таанытууга болгон ой баланын түпкүрдө жаткан ойгоно элек таланттарынын кылдарын черте

алышына түрткү болот.

Мугалим алдын ала географиялык карта менен таанышып, окуучулар алдында Ч.Айтматовдун чыгармалары аралап өткөн жерлерди так билиши керек. Автор жөнүндөгү белгилүү инсандардын көз караштарын, сын-пикирлерин толук билүүгө милдеттүү. Ансыз сабак толук кандуу жүрүшү мүмкүн эмес. Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу жандангандан кийин үйдөн окууга берилген тексттер жөнүндө аңгеме, суроо-жооп иретинде сабак уланат. Окуучулардын көз караштары кандайдыр бир туруктуу деңгээлде калыптанып калат. Оң каарман жана терс каарман деген көз караштан чыгып, жашоонун ак-карасы чогуу жүрөрүн, адамдын тандап алган жолу дайыма туура боло бербесин, ал коомчулук тарабынан талкууга алынаары, ал тандап алган жол жакын адамдары үчүн кайгы–капа алып келерин сезишет. Тандап алган жолдун туура же туура эместигин өзүлөрү жазган дил баян аркылуу билдиришет. Өзүлөрү менен бир коомдо жашап жаткан каармандарды жакындан билишет, салыштырышат, элдин мамилесин көрүшөт. Акырында жыйынтык өзүнүн-өзү пайда болот. Сабактын жыйынтыктоочу бөлүгүнө келгенде мугалимге: - Сиз анын ордунда болсоңуз эмне кылмаксыз?- деген суроо берилет. Мугалим кескин жооп бербестен буга чейинки белгилүү, айтылуу инсандардын макалаларынан, сындарынан мисалдарды келтирип, эч жыйынтыкты туура деп бербестен же туура эмес деген формулировканы бербей, улуттук каада –салтыбыздын өзгөчөлүгүн, кыргыз элинин башка улуттардан өзүнчөлүгүн ошол чыгармадагы тексттер менен далилдеп, жыйынтыкты окуучунун өзү чыгарышы керек экендигин көрсөтүшү керек. Чектен чыккан, түшүнүгүбүзгө сыйбаган суроолор, көз караштар болушу мүмкүн. Андай суроолорго канчалаган кылымдарды карытып келе жаткан салттын чегинде жооп берсе болот. Көз караштары калыптана баштаган 11-класстын окуучуларына «бул туура», «бул туура эмес» деп даяр нерсе берүүнүн кажети жок. Ойлоо жөндөмдүүлүгүн аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк принциптеринин негизинде калыптандыруу-бүгүнкү күндүн талабы. Окуучу өзү туура жолду өзү тандашы керек. Каалайбызбы, каалабайбызбы тандоо жолуна келгенде ал өзүнүн буга чейин биз көрсөткөн, биз багыт берген, биз чийип берген жол менен кетет. Доктордун дарысы адамды дароо дарылап же өлтүрсө, мугалимдики билинбей, нечен убакытты алып инсанды жок кылып же эл керегине жараган инсан кылып чыгат.

Кыргыз адабияты сабагы көркөм чыгармадагы окуяны, каарманды ошол турушунда окуп-үйрөнүүнүн сабагы эмес. Адабият сабагы-чыгарма боюнча окуучунун жеке кабылдоосун, жеке тыянагын чыгаруунун сабагы.